Өздүк анализ

Сабак 11- класска өтүлдү. Класстын жалпы окуучуларынын билим деңгээли жакшы.

1. Сабактын максаты: КМШ уюмуна кирген өлкөлөрдү билүү менен бирге окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн арттыруу, байкоо жана баамдо жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу, башка өлкөлөрдүн географиясын билүү менен бирге мекенчилдикке, толеранттуулукка тарбиялоо.
2. Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү.
3. Сабактын методу: Интерактивдүү метод.
4. Сабактын жабдылышы: проектор, сүрөттөр, атлас, окуу китеби, ватман, маркер.
5. Сабактын жүрүшү: Окуучуларга боюнча КМШ уюму боюнча слайд көрсөтүлүп түшүнүк берилди.

Окуучулар өз алдынча топ менен иштеп КМШЩ уюмуна мүнөздөмө берүү менен анализдей билүүгө машыгышты, билгичтиктерге ээ болушту. Окуучулар топторго биргелишип иштөө менен бири- биринин пикирин уга билүүгө, жоопкерчиликке, толеранттуулукка тарбияланышты.

6. Предметтик аралык байланыштарга: тарых, адам жана коом, кыргыз тили.
7. Сабактын структурасы толук сакталды. Географиялык компотенттүүлүк боюнча КМШ уюмунун аймак ичиндеги бөлүштүрүлүшүн классификациялык схемаларын түзүштү. КМШ уюмунун ынтымагы жана уюмдун мындан ары өнүгүшү үчүн түрдүү максаттагы шарттардын маанисин талдашты. Социалдык инсандык компотенттүүлүккө, адамдардын жана өлкөлөрдүн ортосундагы байланыштарды жөнгө салуу үчүн КМШ уюмунун геомаданий мейкиндигин түшүнүүгө багыт берди.
   А) окуучулар жекече жана топ менен иштешти, кезек менен чыгышып презентациялашты.
   Б) Ар бир топ картада иштей алышты.
   В) Сабакта көрсөтмө куралдар пайдаланылды: ватман, китептер, дептер, атлас, маркер.
   Г) Окуучулар бааланды.
8. Үйгө тапшырма берилди. Контур картага КМШ өлкөлөрүн түшүрүп келүү.
9. Сабак максатына жетти.

Сканировано с CamScanner